***Базаркул к. А.,***
Махмуд Кашгари-Барскани атындагы
Чыгыш университети, магистрант

# УЛУТТУК НАРК-НАСИЛДИН БАСМА СӨЗДӨ ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

## (Кызга кырк үйдөн тыюу)

*Макалада кыргыздын улуттук салттарынын бири каралып, кызга кырк үйдөн тыюу салынары баяндалат.*

*Ачкыч сөздөр: улуттук каада-салт, нарк-насил, маданият, намыс, ата-баба.*

Илгери бир ашкан зор өнөрлүү уста кызын күйөөгө узатыптыр. Угушунча күйөө бала да өзүндөй өнөрлүү экен, өнөрлүү болбой жерге кирсин: келинчегинин-устанын кызынын башына күндө бирден жумуртка коюп, ошону атып, өз өнөрүн-мергендигин сынайт экен. Кайсыл убакта мындай өнөр сыноо болорун билген уста ошол убактысын билип, кызыныкына шап кирип барат. Барса, эл айткандай эле, кызынын башында жумуртка, өңү купкуу. Ачуусу келген ата күйөө баласына катуу буйруп, чачын жибиттирет да, жибиген чачты устанын байтешеси менен чаап кирет. Ооба, ал да өнөрүн көрсөтөт! Кызынын тагдыры үчүн ушинтет, себеби ал ата да, атага кыз деген, оо, ал теңдешсиз нерсе!

Бул жерден кыстырып айта кете турган нерсе, ошол өз убагында атанын сага болгон сүйүүсүн сезе билүү зарыл, антпесе артыңды кылчайып карап таппай, карааныңа зар болуп каласың.

Кыргыздардын жакшы макалы бар “Кызы жүк көтөрсө, энесинин бели майышат”. Жакшы энелер кызга жаштайынан турмуштун өйдө-ылдыйына ийкемдүү болуусун үйрөтүп баштайт. 9-10 жаштагы кыздардын чачын өрүү өзгөчө окуя катары эсептелген. Ушул мезгилден баштап, ал курактагы кыз балалык кийимин алмаштырып, чапан кийген, ар кандай кооздуктарды тагынган, өзүн токтоо кармаганга аракеттенген. Бой тартып калган курактагы башкача айтканда 9-10 жаштан баштап балдарды тарбиялоого энеси жана жеңеси жоопту болгон. Алар кыздын кыз белгисин сактоо, жол жосунга ылайык-кымырынып кысынып жүрүү ж.б. түшүнүктөрдү айтышып кеңеш беришкен. Кыздын чачын өргөндөн кийин ага көз салып турушкан. Мындай жалпы көңүл буруу кыз балдардын адеп-ахлактык тарбиясына жагымдуу таасир берген.

Биз эми өткөн доордун учкундарынан сөз кылдык. Эми кеп кезеги өзүбүзгө келип такалат. Кызды биз назик гүлгө салыштырабыз. Ал өскөн сайын кулпуруп, назик болуп, тегерек четине таасирленип өсөт. Канчалык карап, аяр мамиле кылсаң ошончолук кулпуруп көркүнө чыгат.

Бирок азыры учурдун гүлдөөрү соолуп бара жаткандай. Ага карата мамиле жок болгондуктан, кыз киши өзүнүн ордун жоготкондой сезим калтырат. “Кызга мээрим төкпөгөнгө, алла мээримин төкпөйт” дегенге мен толугу менен кошулам. Кызды билбейм кандай десем, бирок жакшы тарбия берип, ата-эне жана коом өз кучагына аярлап асыра, жаман кыз кайдан чыкмак эле.

Себеби азыр өткөөл мезгилдеги базар экономикасында ишсиздикке байланыштуу, канчалаган жаш кыздар чет мамлекеттерге иштегени кетип жатышат. Алар эртелеп түйшүк тартып, турмуштун өйдө-ылдыйын тартып калгааны да бар. Айрым жеңил ойлуу кыздар үйдөн алыстап, дүйнө тапкандан кийин бардык ой-максаттары акчага алмашып жибергенин тана албайбыз. Канчалары бузулуп, үй-бүлөлөрдү бузуп, балдар жетим калганы жалганбы? Баары чындык. Бул терс көрүнүштөрдү күнүмдүк турмуштан өз көзүбүз менен көрүп, газета-журналдардан окуп, теле берүүлөрдөн көрүп жатабыз. Эсиң барда этегиңди жап дегендей, келечек кыздар дегеле аялзаты өзүбүздү татыктуу алып жүрөлү.

Буга ким күнөөлү? Буга менин да, сенин да, коомдун да күнөөсү бар. Сырттан карап, мыйыгыбыздан күлүп турбай ага кол суналы. Жигитмин деген эр азаматтар кайда?

Индонезиянын президенти болгон Сукарно минтип айтат: "Мухаммед пайгамбардын насаатын унутпайлык: аял мамлекетин жерпайы. Аялдары тынч жашаган журт тынч болот. Аялдары кыйынчылыкка жеткен журт бир кесепетке кабылат" Бул сөздүн өзөгү терең. Укканга жөнөкөй сөз болгону менен, анын артында эр-азаматтарга тиешелүү күчтүү ар-намыс жатат. Махмуд Кашгаринин "Дивани лугати т-түрк" аттуу сөздүгүндө кыз деген сөздү баалуу кымбат деген мааниде берет. Адамзатынын аң-сезиминде баалуу, кымбат нерсени катуу кайтаруу, бекем көзөмөлдөө керек экенин жакшы билишет. Ошондуктан кыз бала да баалуу, кымбат болгондуктан, көздүн карегиндей сакташ керек.

Ооба бул жерде эркек кишинин орду турат. Бирок сөзсүз эле бирин-бири тарбиялап жүрүш керекби?

Ар бир коомдогу "инсан" айлана-чөйрөдө, коомдук мамиледе, үй-бүлөдө, ишкана-мекемеде, коллективде өзүн-өзү аң-сезимдүү тарбиялоосу керек.

Адам болуп, жер тепсеп жүргөнүбүз менен түгөнбөгөн түйшүктүн, кетирбеген кемчиликтин үстүндө жүрөрүбүз анык. Анан ошол кемчиликтер тикендүү ийнедей жыбыраап денени жаап кала электе токтотуш керек.

Бирок мен билгени адамзат жаралгандан баштап эле бири-бирине болгон сыйлоо иретинде көзөмөлдөр, тыйымдар болуп келген. Өзүңдү өзүн биле алсаң жакшы, бирок көп учурда өтүгүбүздү төргө илип алмайыбыз бар.

Ошол себептен ата-бабадан калган уюткуну муздай элегинде уютуп алышыбыз керек. Артка кылчайып илгеркинин издерин карап көрсөк, бир топ эле туура кадамдарды көрөсүң. Биз башканы коюп, ошол издердин үлгүсүн алып турсак эле жетишээрлик болоор эле. Булардын баскан кадамынын түпкүлүгү ыйманга, адеп-ахлакка, үлгүгө, нускага барып такалат. Муундарга элдик нукта тарбиялоо-таалим берүүдө улуулардын жолун ыйык тутуубуз парз. Эми тарбия берүүдө кыргыздар уул-кызына кемтиги жок тарбия беришкен. Бирок өзгөчө көңүлдү кыз балага бөлүшкөн. Кызды сыйлап, анын бүгүнкү тарбиясы эртеңкисине кедергисин тийгизбесе экен деген таризде көбүрөөк көзөмөлгө алышкан. Ошондуктан "Кызга кырк үйдөн тыюу", "Кыздуу болсоң көздүү бол" деген макалдар ошол себептен чыккан.

Азыр сөздөн четтебей эле, төмөндөгү тыйымдарга көңүл бурсак:

• Кыз бала төккөн күлдүн үстүн баспайт.
• Кыз бала эл барда казан-аякты калдыратпайт.
• Кыз бала эл барда чачын тарабайт.
• Кыз бала эркек кишиге тике карабайт.
• Кыз бала бөйрөк, шыйрак жебейт.
• Кыз бала томук мүлжүбөйт, анткени томаяк өтөт.
• Кыз бала кызыл өңгөч жебейт, жесе күйөөгө себи жок кетет.
• Кыз бала улуулардын жолун кесип өтпөйт.
• Кыз бала улууларга соорусун салбайт.
• Кыз бала эркек баланы теппейт.
• Кыз бала бутун учкаштырып отурбайт.
• Кыз бала талтайып отурбайт, чалкасынан жатпайт.
• Кыз бала чачын жайбай жүрүшү керек (бул аза күтүүнүн белгиси)

Каада-салттагы мына ушундай үрп-адат, ырым-жырым, тыйымдар элибиздин жашоо-тиричилигинде тарбиялык-таалим берүүчүлүк мааниси эң зор.

Кыргыздар өзү ырымчыл калк. Мындай көрүнүштөр эч качан кыз баланы тетир жолго салбайт. Бул кызды тыйып, салабаттуу алып жүрүүсүнө жол ачат. Көбү унутулуп баруудa, муну биз эстен чыгарбай тутуп жүрүшүбүз керек. Кийинки муундарга рухий табылгыс байлык.

Ислам динин кабыл алгандан кийин кыргыздардын байыртадан келе жаткан элдик ишенимдери, тыйымдары ислам шарияты менен аябай катуу аралашкандыгын көрөбүз. Көбүн билермандар "ширк" деп жокко чыгарып жатышат. Бирок карап көрсөң экөө бири-биринен эч айырмасы жок, тескерисинче бап келип калган. Башканы билбейм менин

өмүрүмдө элдик таалим-тарбиянын мааниси өтө чоң. Анткени мени ата-энем жана коом ошол түшүнүктөр менен тарбиялап келишкен. Менин "Ыйман" сабагынан берген Темир деген агайым бар эле, биз тыныгуу убагында балдар менен кубалашып ойноп жүрүп бир баланы тепкенимди көрүп:

– Эркек баланы эч качан теппе! деп катуу эскертүү берген эле. Мен үчүн агайдын эскертүүсү эч качан кайталангыс болуп таасирин берген. Ушу күнгө чейин уялып, эстеп калам. Бул мага калтырган эле таасир, эгер биз канчалаган кыздарга үлгү болчудай таасир калтыра алган болсок, анда мыкты кыздардын тарбияланып чыкмагы анык. Кыздардын бары жаман эмес, жакшысы да бар. Бирок бул заманда кыздар өз киндигин өзү кесип тырбалаңдап жүргөнү бир аз ич күйгүзөөрлүк нерсе. Кыздар ата-энеге жакыныраак келишет, көбү ата-энем, бир тууганым деп жүрө беришип, өзүнүн жашоосун унутуп койгону да бар.

Көп мисалдан буга бир мисал: Илгери кылмышкерлерди жазалоо үчүн анын колдорун кесип салышчу экен. Бир күнү падышанын алдына уурулук менен айыпталган бир кишини алып келет. Падыша адаттагыдай эле анын колун кесүүгө өкүм чыгарат. Ууру жаза маңдайына келди. Эл да жыйылды. Желдет даяр болду. Ошол убакта бир кичине кыз шаар падышасынын алдына келип, жалбарып сүйлөдү:

– Улуу падыша, туура эмес иш кылганы үчүн атамдын колун кесүүгө буйрудуңуз. Билемин, бул иш үчүн ушундай жаза бересиз. Атамдын менден башка дагы төрт перзенти бар. Энебиз оорукчан, бизди бага албайт. Эгер атамдын колун кестирсеңиз баарыбыз ачтан өлөбүз, биз атабыз бар үчүн гана жашап жатабыз. Бизге ырайым кылыңыз да, атамдын колун кестирбеңиз. Кокус андай кылууга такыр ылаажы жок болсо, анда атамдын ордуна менин колумду кесиңиз!

Падыша бул кыздын атасын ушунчалык коргоп сүйлөгөнүнө таң калды жана мындай деди:

–Мейли, атаңдын колунун ордуна сенин колуңду кестирейин! Бирок эртең! А сен ага чейин кийин өкүнүп калбагыдай болуп жакшылап ойлонуп кел!

Эртеси белгиленген учурда кыздын атасынын колу-бутун байлап кесер жерге алып келди. Кыз атасын көрүп сүйүнүп:

–Коркпо, атаке, мен акимге айттым, сиздин колуңуздун ордуна меникин кесмек болду, - деп айтат.

Ошентип кыз колун коюп, желдеттин балта көтөрүшүн күтүп калды.

Кыздын сөзүнөн кайтпаганын, атага болгон жакшы көрүүсүнүн күчтүүлүгүн сезген падыша бул окуядан катуу таасирленди, ойлонду.

Жаза майданын келген калк да кыздын баталгада турган мыйтыйган колун көрүп көзүнө жаш алды.

Падыша кызды да, атасын да азат кылды, ал гана эмес экөөнө сыйлык берип жөнөттү да, куду ошол жерге таш бетине эстелик үчүн минтип жаздырды: "Бир кичинекей кыз атасынын колунун ордуна өзүнүн колун кестирүүнү каалады. Ушул кыздай перзентке ээ болгон ата-эне кандай гана бактылуу".

Ошентип кыз атасынын колун сактап калды, демек, бир туугандардын да өлүмдөн алып калды, ал гана эмес каардуу акимдин жүрөгүн жибитти, атага болгон кыз баланын сүйүүсү кандай болорлугун кылымдардан кылымдарга өтө бере турган кылып ибараттады. Бул кыздын мындай акылдуулугуна, зиректигине таң бербей коё албайсың.

Ошондуктан кызыңдын бактылуу болуусун каласаң, кызыңды мэр болуга эмес, жар болууга тарбиялаш керек. Дайын жок аны окуу-окуу билим ал, акча тап деп мээсин куя бербей келечегине көпүрө болууңуз шарт.

Эч бир ата-эне кызын бактысыз болсун деп тилебейт. Бирок эне болочок турмуш тууралуу кызына үйрөтүү керек, ал анын келечектеги багын отоп, сугарып, алдына азык чачкан менен барабар. Жакшы энелер кыздарына бойго жете баштаганда мындай насааттарын айтат: кайын эне, кайын атаңды өз ата-энеңдей сыйла, биз сага таарынбайбыз, алар таарынат, ошону эске ал; күйөөңдүн бир туугандары ага турмушка чыккан соң сенин да

бир туугандарың болот; көпчүлүктүн көзүнчө күйөөңдү кагып силкпе, башкарба жана башка толгон токой кеңештерин айтып отурат.

Кыз баланын бактысы өңүнүн сулуулугу, кымча бели гана эмес, акыл-идиреги, адеби, билими, болочок эне болууга, бала төрөп, өстүрүүгө даярдыгы болушу менен көбүрөөк байланышат. Кыргыздарда кыздын өң келбет менен жан дүйнөнүн сулуулугун жомоктогу перидей сүрөттөп азыркы кылымга жеткирүүдө. Мыкты кыздарыбыздын аты алыска кеткендери бар. Мисалы: Курманжан датканын акылы, кайраттуулугу, адилеттүүлүгү, кыраакылыгы жөнүндө аңыздар алыска, кыргыз көчмөн айылдарын аралап, Жети-Суудан тартып, Ооганстан, Иран жана Кытай жергесинин чегине чейин жеткен.

Демек, төрт сапат боюнча төптүүлүк бир өзүнө жарашкан. Алсак, алп Манастын жары Каныкей:

"Кара тору, кара каш,
Келишимдүү узун чач.
Эки бети монтойгон,
Эркечтей мойну койкойгон.
Кара сурдун сулуусу,
Аялзаттын нурдуусу,
Узун чачтын ыктуусу,
Ургаачынын мыктуусу - деп сүрөттөлөт.

Ушундай мыкты аялзаты кантип анан эл ээсинен чыксын, мындай мыкты сапаттарга ээ болгон мыктылар кылымдар бою айтылаары чын.

Калыгул даанышман аялдын сулуулугун, улуулугун ыйыктыгын төмөндөгүдөй сүрөттөгөн. "Эгер аял бир баласын жетелеп, бир баласын көтөрүп, 3-баласын челкейип боюна көтөрсө ошол аял дүйнөнүн сулуусу, ыйыгы деп баа берген. Менин келечек кыздарга айтаарым "сулуу, ыйык эне" болууга чакырам".

**Адабияттар:**

Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты,таралышы жана тарыхы. 1-китеп. – Б.: Турар, 2011. - 550-554б
Мурзакметов А. Кыргыз ырым жырымдары. – Ош, 2005.
Кадыров Ы. Кыргыз маданиятынан тамган тамчылар. – Б., 2011. - 208б
Тургунбаева Б. "Манас" эпосу аркылуу болочок мугалимдерди тарбиялоо. – Б., 2016.
Акматалиев А. Баба салты, эне адеби: Элдик салт. – Б., 1993.
Журналдар:
// Шоокум, Кызга карата тыюулар. 2012. №10 (74),

***Качкынбекова А.,***
Мапхмуд Кашгари-Барскани атындагы
Чыгыш университети, магистрант

## БАСМА СӨЗ БЕТТЕРИНДЕ ЧАГЫЛДЫРЫЛГАН ЖОЛ КООПСУЗДУГУ

(«Супер-Инфо» газетасынын мисалында)

*Макалада басма сөз беттеринде анын ичинде "Супер-инфо" газетасында чагылдырылган жол коопсуздугу, анын эрежелери тууралуу баяндалат.*

*Ачкыч сөздөр: жол коопсуздугу, жол эрежелери, кырсык, айдоочу,*

Ылдамдыкты азайт айдоочу

1979-жылдан тартып 10 жылга созулган Ooган согушунда Советтер Союзу 13 миң жоокеринен айрылган. Ал эми 2001-2017-жылдар аралыгында өлкөбүздө 15 миңдей адам жол кырсыктарынан улам каза болгон. 2017-жылдын 6 айында эле 2583 жол кырсыгы